**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**МОСКВА РАЙОНУ**
**НАРЗАН**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**МОСКОВСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**НАРЗАНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

# ТОКТОМ

2026-ж «12» август № 28 Беловодск а.

## Балдардын укугун жана кызыкчылыгын камсыздоо боюнча 2026-жылдын II-кварталына аткарылган иштери тууралуу

Кыргыз Республикасынын «Балдар жөнүндө» Кодексинин 20-беренесине ылайык, Нарзан айылдык кеңешинин жаштар иштери, спорт, маданият жана социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун карап чыгып жана талкуулап, Нарзан айылдык кеңешинин сессиясы токтом кылат:

**1.** Нарзан айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын II кварталында балдардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыз кылуу боюнча жүргүзүлгөн иштер тууралуу маалыматы эске алынсын.

**2.** Нарзан айыл өкмөтүнүн башчысына ушул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жүктөлсүн.

**3.** Бул токтом каттодон өткөрүлүп, Нарзан айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.

**4.** Айылдык кеңештин жооптуу катчысы ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жөнөтүп, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жөнөтсүн.

**5.** Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

**6.** Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жаштар иштери, спорт, маданият жана социалдык маселелер боюнча Нарзан айылдык кеңешинин туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

.

**Төраганын м.у.а** **Э.У.Умутбеков**